Макулдашылды
А.Орозбеков орто мектебиний Кесиптик
бирлигинин төрайымы Р.Боркошева
17.09.2021-ж

Бекитемин
А.Орозбеков орто мектебинин
директору А.Абдикаримова
17.09.2021-ж

2007-жылдын 4-майы Кыргыз Республикасынын №67 мыйзамы.

**№9 А.Орозбеков атындагы орто мектебинин кызыкдар тараптарынын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө Жобо**

(КР 2008-жылдын 26-февралындагы №16, 2009-жылдын 15-июлундагы №214, 2011-жылдын 3-майындагы №17, 2013-жылдын 15-июлундагы №144, 2015-жылдын 17-февралындагы №35, 2016-жылдын 27-июлундагы №148, 2016-жылдын 27-июлундагы №151 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

**Кызыкдар тараптардын кайрылуусу (мындан ары-кайрылуу)**- жазуу жүзүндө,электрондук же оозеки формада баяндалган сунуш,арыз, даттануу.

1. **Электрондук кайрылуу**-билим берүү уюмунун электрондук почтасынын расмий дарегине келип түшкөн арызданууучунун кайрылуусу:
2. **Сунуш**- мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү,билим берүү уюмунун иштерин жакшыртуу, мектептин маселелерин чечүү боюнча жарандын сунуштарын камтыган кайрылуу:
3. **Арыз**-жарандын өзүнүн конституциялык укуктары менен эркиндиктерин же башка адамдардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууга көмөк көрсөтүү тууралуу жарандын өтүнүчүн камтыган кайрылуу:
4. **Даттануу**-жарандын анын бузулган укуктарын жана эркиндиктерин же мыйзамдуу кызыкчылыктарын же болбосо башка адамдардын укуктарын, эркиндиктерин же мыйзамдуу кызыкчылыктарын калыбына келтирүү жөнүндөгү өтүнүчүн камтыган кайрылуу:
5. ***Жекече* кайрылуу**-бир жарандын кайрылуусу:
6. ***Жамааттык* кайрылуу**-эки же андан ашуун жарандын кайрылуусу, жарандардын атынан уюмдардын кайрылуусу:

**Кызыкдар тараптардын кайрылуулары менен иштөөнүн негизги принциптери.**

Билим берүү уюмунун кызмат адамдарынын жана кызыкдар тараптардын кайрылууларын кароо боюнча иштеринин негизги принциптери төмөндөгүлөр болуп саналат.

1. Кызыкдар тараптардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо:
2. Кайрылууларды кароонун милдеттүүлүгү: